International Parkinson and Movement Disorder Society

# Вильсон оорусу: бейтаптар үчүн маанилүү фактылар

## Вильсон оорусу деген эмне?

Вильсон оорусу – укумдан тукумга өткөн генетикалык оору. Бул оору жездин ашыкча деңгээлинде мээ, боор жана башка органдарында сакталышын шарттайт.

## Вильсон оорусу алгач кантип билинет жана жалпы симптомдору кандай?

Кээ бир учурларда Вильсон оорусунун белгилери бала кезинен же бойго жеткенде байкалышы мүмкүн. Бул неврологиялык белгилерге көп учурда төмөнкүлөр кирет:

- Эрктен тышкары (ашыкча) кыймылдар, анын ичинде нормалдуу эмес позалар (дистония) же титирөө (тремор)
- Баланс же кол менен кыймылдоо кыйынчылыгы
- Сүйлөө же жутуу кыйынчылыктары
- Акыл-эстин же жүрүм-турумдук өзгөрүүлөрү

Боор оорусунан тышкары Вильсон оорусунда аз кандуулук (анемия), бөйрөк же жүрөк оорулары кездешет.

## Вильсон оорусунун себеби эмнеде?

Вильсон оорусу тукум кууп өткөн оору. Ал ген мутациясы менен шартталган. Ген денеден ашыкча жез кетирүү үчүн керектүү протеинди жасоого жооптуу. Бул жездин мээде, боордо жана көздө ашыкча топтолушуна алып келет. Келтирилген зыян Вильсон оорусунун белгилерин пайда кылат.

## Вильсон оорусун кантип аныктоого болот?

Вилсон оорусун аныктоо үчүн дарыгер бейтаптын симптомдорун көрүш керек. Ошондой эле кан жана заараны анализдөө керек.

Церулоплазмин - боордо жасалган белок жана ал дене аркылуу жезди өткөрөт. Белокту өлчөгөн кан анализи Вильсон оорусун аныктоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Бирок ал тест кээде Вильсон оорусун аныктай албайт, ошондуктан заара анализинде жездин деңгээлин билүү керек.

Бул тест заараны 24 саат бою чогултууну талап кылат. Бул заара анализин туура жүргүзүү Вильсон оорусун аныктоо үчүн абдан маанилүү.

Көп учурда Вильсон оорусун аныктаган башка тесттер бар, анын ичинде:

- Көздү текшерүү: жездин топтомдорун аныктоо үчүн
- Боордун биопсиясы: диагнозду тастыктоо үчүн
- МРТ: Вильсон оорусу менен байланышкан мээнин өзгөрүүлөрүн аныктоо үчүн
- Генетикалык тест.

## Вильсон оорусу дарыланабы?

Ооба. Вильсон оорусун дарылоого болот. Эрте диагностика жана эрте дарылоо мээге жана денеге келтире турган зыяндын алдын алуу үчүн маанилүү.

## Диетамды өзгөртүшүм керекпи?

Жалпы тамак-аш азыктарына жез кирет жана көпчүлүк адамдар жезди нормасынан көбүрөөк алышат. Эгер сизде Вильсон оорусу бар болсо, анда төмөнкү тамактардан алыс болгонушуңуз керек:

- Шоколад
- Жаңгактар
- Моллюскалар
- Боор.

## Кандай дарылоо ыкмалары бар?

Вильсон оорусу үчүн дарылоонун бир нече түрү бар.

Аларга төмөнкүлөр кирет:

- Ичегиден жездин сиңишин азайткан дары-дармектер. Булар цинк препараттарын камтыйт. Ушул дары-дармектер таасир бериш үчүн бир аз убакыт керек.
- Денедеги жез менен байланышкан дары-дармектер. Аларга d-пеницилламин, триентин жана аммоний тетратио-молибдат кирет. Бул дарылар олуттуу терс таасирлерин тийгизиши мүмкүн жана көп өлкөдө жок.
- Боорду трансплантациялоо жездин метаболизмин нормалдаштыруу үчүн оор учурларда колдонулушу мүмкүн.

Дарылар Вильсон оорусунун кыймыл симптомдорун жакшыртуу үчүн дагы колдонулушу мүмкүн. Сиздин дарыгериңиз менен сүйлөшүңүз.

Copyright © 2024 International Parkinson and Movement Disorder Society (MDS). All rights reserved.
International Parkinson and Movement Disorder Society
555 East Well Street, Suite 1100 • Milwaukee, WI 53202 • +1 414-276-2145 • www.movementdisorders.org



MDS-0224-564

## Башка үй-бүлө мүчөлөрүн текшерүүдөн өткөрүү керекпи?

Вильсон оорусу генетикалык оору болгондуктан, үй-бүлө мүчөлөрү коркунучта болушу мүмкүн. Вильсон - аутосомдук рецессивдүү оору. Бул өзгөргөн гендин эки нускасы керек дегенди билдирет: бирөө энеден жана бирөө атадан. Апасы жана атасы жакшы болушу мүмкүн, анткени алардын кадимки бирден нускасы бар. Бирок, бир туугандары ооруп калышы мүмкүн. Эгер сизге Вильсон оорусу деген диагноз коюлган болсо жана сиздин бир туугандарыңыз бар болсо, аларды текшерүүдөн өткөрүш керек. Айрым учурларда, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө дагы текшерүү керек болушу мүмкүн.

Copyright © 2024 International Parkinson and Movement Disorder Society (MDS). All rights reserved.
International Parkinson and Movement Disorder Society
555 East Well Street, Suite 1100 • Milwaukee, WI 53202 • +1 414-276-2145 • www.movementdisorders.org

MDS-0224-564